

**УДК: 337 (575.2) (581)**

*Султанова А.Т., т.и.к., ОшМУнун доценти, Кыргызстан*

*Султанова А.Т., к.и.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*

**Кыргыз-кытай мамилелеринин алкагындагы Ош облусунун Кытай Эл Республикасы менен эл аралык байланышы**
**Международные связи Ошской области с Китайской Народной Республикой в рамках кыргызско-китайских отношений**
**International relations of the Osh oblast with the People's Republic of China in the framework of the Kyrgyz-Chinese relations**

*Макалада Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы саясаттын алкагында Ош облусунун жана Ош шаарынын эл аралык байланыштарга катышуу укугунун берилиши жана анын натыйжасында Кытай Эл Республикасы менен байланышы, о.э. чет элдик инвестицияны тартуу менен социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө багытталган иш аракеттер баяндалат.*
***Түйүндүү сөздөр**: эл аралык мамиле, келишим, экономикалык кызматташтык, эл аралык рынок, соода, жумушчу орундары, инвестиция.*
*В статье рассматривается право участия Ошской области и города Ош в международных отношениях с Китайской народной республикой в рамках государственной внешней политики Кыргызской Республики, также мероприятия направленные в решении социально-экономических проблем путем привлечения иностранной инвестиции.*
***Ключевые слова**: международные отношения, договор, экономическое сотрудничество, международный рынок, торговля, рабочие места, инвестиция.*
*The article examines the right of participation of Osh oblast and Osh city in international relations with the People's Republic of China within the framework of the state foreign policy of the Kyrgyz Republic, as well as measures aimed at solving social and economic problems by attracting foreign investment.*
***Keywords**: international relations, contract, economic cooperation, international market, trade, jobs, investment.*

Эл аралык мамилелер дайыма мамлекеттердин, коомчулуктун, жеке инсандардын турмушунда орчундуу орунду ээлеп келген. Улуттардын пайда болушу, мамлекеттер аралык чек аралардын түзүлүшү, саясий түзүлүштөрдүн калыптанышы, өзгөрүшү, түрдүү социалдык институттардын болушу, маданияттын, искусствонун, техниканын жана экономиканын өнүгүшү, дипломатиялык байланыштардын, согуштук каршылашуулардын баары эл аралык мамилелердин түзүлүшү менен тыгыз байланышта болгон. Бүгүнкү күндө да, эл аралык мамилелер көп түрдүү тармактарды

бириктирип, адамдардын пир туткан максаттарына жана баалуулуктарына таасир берүүчү мааниге ээ. Эл аралык мамилелердин болушу кайсы гана өлкө болбосун, анын социалдык-экономикалык, маданий, саясий өнүгүшүнө таасирин тийгизет. Ошондуктан, Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап эл аралык байланыштар системасына кошулуп, өзүнүн тышкы саясатын активдештирген. Анын натыйжасында ыңгайлуу деп эсептелген мамлекеттер менен өз ара пайдалуу экономикалык, саясий жана маданий кызматташуу мамилелерин түзүп келет.

Кыргызстандын дүйнөлүк майданда өз алдынча эгемендүү мамлекет катары таанылышы бир канча маанилүү маселелерди чечүү аркылуу ишке ашкан. ХХк. аягындагы экономиканын кайра курулушу Кыргызстанда, о.э. бүтүндөй СССРдин курамына кирген республикаларда каржылык чөйрөнүн кыйрап, өндүрүштүн төмөндөп кетишине алып келген. Социалдык-экономикалык маселелер, жумушсуздук, жакырдануу сыяктуу көптөгөн кыйынчылыктар менен коштолгон [7.94]. Мамлекеттин менчигиндеги мурунку чарбалар кыскарып, менчиктин жаңы түрлөрү пайда болгон. 1992-1999-жж. өнөр жай өндүрүшү Кыргызстанда 51% кыскарган [6.26]. Ошондуктан чакан жана орто ишканаларды курууга чоң көңүл бурулган. Чет өлкөлүк инвестициянын жардамы менен биргелешкен ишканалар түзүү, калкты жумуш менен камсыз кылуу аракеттери жасалган. Өткөөл мезгилде тез аранын ичинде ушул маселелерди чечүүнүн бир багыты жана натыйжалуу жолу катары эркин экономикалык аймактарын уюштуруу чоң мааниге ээ болгон. Республиканын экономикалык саясаты ар бир аймактын мүмкүнчүлүгүн толук ачууга багытталып, Кыргызстанда жети эркин экономикалык аймактары түзүлгөн (Нарын, Каракол, Бишкек, Маймак Алай, Чоң-Алай, Кара-Кулжа) [7.125]. Экономиканы алдыга сүрөп кете турган тармактарга айрыкча көңүл бурулган [1.74]. Мындай аракеттер мамлекеттин экономикага кийлигишүүсүнөн баш тартуусу, менчиктештирүү, бааларды эркин коё берүү сыяктуу реформалар менен тыгыз айкалыштыкта жүргүзүлүшү шарт эле [2.27]. Себеби, дүйнө жүзүндө эркин экономикалык аймактарды түзүү жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү чечүүнүн эффективдүү жолу катары каралат. АКШнын өзүндө эле 130га жакын эркин экономикалык аймактары түзүлгөн, ал эми Кытайда 288 аймак жана шаарлар ушундай макамга ээ. Эркин экономикалык аймактар Жапонияда, Улуу Британияда, Францияда, Германияда, Италияда да бар. Алардын түзүлүшүнүн негизги максаты чет элдик капиталды тартуу менен катар алдыңкы технологияны үйрөнүү, өлкөнүн экономикасына салым кошуу болуп саналат [1.116]. Ушул тарizден алганда, Ош облусуна Кыргызстандын өз алдынча эгемендүү мамлекет катары калыптанышында, эл аралык байланыштардын артыкчылыктуу багыттарынын өнүгүшүндө өзгөчө орду белгиленип, эл аралык байланыштарга катышуу укугу берилген. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын өнөр жай жана тышкы экономикалык байланыштар бөлүмүнүн укуктук абалы көңейтилип, 1991-ж. 15-февралда Тышкы экономикалык байланыштар боюнча комитети болуп кайра түзүлгөн (*мындан ары ТЭБК*) (комитеттин коду ОКПО 20231888, менчик формасы – мамлекеттик) [3.31.1]. ТЭБКнын милдеттери аныкталып, тез арада келечектүү иш-пландары облустун экономикалык, табигый, өндүрүштүк, энергетикалык, илимий-техникалык кудуретин натыйжалуу пайдалануу, ишкер чөйрөлөрдүн арасындагы кызматташууну көздөгөн иш чаралары белгиленген. Чет элдик инвестицияларды тартуу менен ишкерлер чөйрөсүндө кызматташууну жандандырып, биргелешкен ишканаларды түзүү,

атаандаштыкка туруштук берүүчү продукция өндүрүү, мамлекеттер аралык каржы-өнөр жай топторун түзүүгө катышуу, ошондой эле билим берүү, саякат иши, маданият тармактарында өз ара пайдалуу кызматташуу жана башка көптөгөн маселелери аныкталган.

Ал эми 2003-ж. 15-апрелде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеөешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан Кыргызстандагы өзгөчө тарыхый, маданий, илимий жана саясий борбор катары Ош шаарынын укуктук негиздерин, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизинде анын андан аркы каржылык, экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн кепилдиктерин белгилеген мыйзам кабыл алынган. Ушул эле мыйзамдын 18-беренеси шаардын өкүлчүлүктүү жана аткаруу уюмдары өз укугунун чегинде эл аралык байланыштарды жүзөгө ашыруусуна укуктуу жол ачкан [4]. Мына ушундай мыйзамдык актылардын негизинде Ош облусу жана Ош шаары КРнын тышкы саясатынын алкагында эл аралык байланыштарга активдүү катыша баштаган.

Ош облусу эл аралык байланыштарды түзүүнүн алгачкы этабында коөшу жайгашкан мамлекеттерден Азиядагы улуу держава эсептелген Кытай Эл Республикасы, анын аймактары менен ар тараптуу байланыштарды түзгөн. Мындай кадамдын негизи бар. Кытай Эл Республикасы Кыргыз Республикасынын тышкы саясатындагы өзүнүн орду бар өнөктөшү болуп саналат. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен чек арасы жанаша жайгашкан жападан-жалгыз өлкө. Кыргыз-кытай мамилелери байыркы доордон башталат (б.з.ч. IIIк.). Жаөы жана соөку мезгилдеги мамилелери эки чоө мезгилге бөлүнөт. Ар бири орточо жүз жылды ичине камтыйт. Бул XVIIIк. экинчи жарымынан - XIXк. биринчи жарымына чейин жана экинчи мезгили XIXк. экинчи жарымынан 1991-ж. чейин. Тарыхчылар белгилегендей биринчи мезгилинде кыргыздардын тышкы саясатта салыштырмалуу өз алдынчалыгы мүнөздөлсө, экинчи мезгилинде Россиянын, Советтер Союзунун тышкы саясатынын алкагында өнүгүп келгендиги белгиленет. Кыргызстан менен Кытайдын теө аталык кызматташтыгы  1991-ж. башталат. КЭР 1991-жылы 27-декабрда КРнын эгемендүүлүгүн тааныган [7.242]. 1992-жылы 5-январда эки өлкөнүн ортосунда дипломатиялык мамилелер орнотулган [8.85].

Кытайдын Кыргызстандын тышкы саясатында маанилүү орду бар. Өкмөттөрүбүздүн, министрликтерибиздин ортосунда кол коюлган көптөгөн документтер мунун ачык далили боло алат. Ушулардын ичинен чек ара аймактарындагы ишенимди арттыруу жөнүндөгү Россиянын, Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын  жана Кытайдын ортосундагы макулдашууга кол коюу коөшу мамлекеттердин саясий мамилесиндеги эө маанилүү этабын баштаган. Мамлекеттер ортосундагы кызматташтыктын негизги багыты аймактык коопсуздук болуп саналат. Мунун негизи катары 1996-жылы түзүлгөн «Шанхай бешилтигин», (кийин “ШКУ”) саноо керек. Ал эми «Нарын-Торугарт-Кашкар» жана «Ош-Эркечтам-Кашкар» автомобиль жолдорун Кытайдан баштап куруу – кызматташтыктын эө сонун үлгүсү боло алат. Өлкөлөрдүн ортосунда аба катнашынын ачылышы туризмди, соода-сатыкты өнүктүрүүгө жол ачкан. Маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтык өзгөчө кубандырат. Жаштардын эки өлкөдөн билим алуусуна, тажрыйбаларын арттырууга шарттар түзүлгөн. Окумуштуулардын кызматташуусу жанданып, кыргыз элинин байыркы тарыхы жөнүндөгү маалыматтарды изилдөө мүмкүнчүлүгү пайда болду. Географиялык жактан кошуна

жайгашып, бирок маалыматтарды угуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган эки эл, эми атайын телеберүү, радио аркылуу эки элдин турмушун чагылдырган маалыматтардан кабардар боло башташты. Мунун негизинде бири-бирине болгон акыл-ой мүдөөлөрүнүн жакындыгы көрүнүп, жакшы коошулук мамилелердин болушуна шарттар түзүлдү. Бул айтылгандарга төмөнкүлөр далил боло алат. Кытайдын бир катар провинциялары менен Ош облусунун экономикалык кызматташтык мамилелери 1990-жж. ортосунан башталып, Ош шаарында кыргыз-кытай биргелешкен ишканаларын түзүү аракеттерине көөүл бурулган. Борбордук Кытайдын Шан-Үи провинциясынын Сан-Ян соода компаниясы (директору Лю Зун Зюн) Ош шаарында Алай мейманканасынын жанында «Ал-Дян» ресторанын ачкан. Кийинки убактарда чакан, орто ишканаларын, соода-сатык иштеринде эки тарапка пайдалуу келишимдерди түзүүгө өткөн. Соода-өнөр жай палатасынын өкүлчүлүгүн ачуу [5.59], маданий багытта кызматташуу жөнүндө сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. 1997-ж. август-октябрь айларында өз ара сапар алмашуулардын аягында Ош облусу менен Кызыл-Суу-Кыргыз автономиялуу облусу ортосунда экономикалык кызматташтык жөнүндөгү Келишимге кол коюлган [5.165]. Бир ай аралыганда эки тарапта теө өкүлчүлүктөрдү ачылып, өз ара пайдалуу кызматташуунун багыттары аныкталган. Натыйжада облустун аймагында 19 биргелешкен кыргыз-кытай ишканалары катталган [5.272].

Мындан сырткары көргөзмө-жарманкелерди уюштуруу боюнча сүйлөшүүлөр 1992-ж. эле башталган [5.273]. КРнын Өкмөтүнүн 1994-ж. 7-сентябрындагы №674 Токтомунун 15-беренесинде Ош шаарында туруктуу иштеп туруучу эл аралык көргөзмө-жарманкени уюштуруу каралган. Бирок, бул Токтомдун ишке ашырылышына 1998-ж. КРнын Президентинин Кытайга болгон иш сапарынан кийин гана мүмкүнчүлүк жаралаган. Бул өз кезегинде маданий, илимий-техникалык, соода-экономикалык байланыштарын түзүүгө жана түз инвестицияларды тартууга жол ачкан. Географиялык жактан ыңгайлуу келип, Улуу Жибек жолундагы мурдатан ээ болгон макамына ылайык туруктуу иштеп туруучу көргөзмө-жарманке Ошто уюштурулушун Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Россия, Кытай, Иран, Пакистан жана Индия мамлекеттери да колдошкон.

1998-ж. 24-28 сентябрь күндөрү Ошто кытай товарларынын көргөзмө-жарманкеси ачылган [3.227]. Кытайдын Шандунь, Шанхай жана Тяньцзинь провинцияларынын, Синьцзян Уйгур автономиялуу республикасынын ишкерлери сунушталган товарлар 100дөн ашуун ассортиментти түзгөн: автомобиль, кичитегирмен, радиотехника, турмуш-тиричилик техникасы, өнөр жай товарлары, курулуш материалдары, бут кийим, килемдер, сантехника, тамак-аш азыктары ж.б. Көргөзмө-жарманке 5 күнгө созулган, соода-экономикалык кызматташуу боюнча багыттоочу кеөешме өткөрүлүп, натыйжада 2,92 млн. АКШ долл. өлчөмүндө келишимдер түзүлгөн. Кытай тараптан-«Хай-Вань», «Хам И», Кашгар пластмасса жана Синьцзян жарнак компаниялары, кыргыз тараптан-«Келечек» дыйкан чарбасы, «Азия» фирмасы ж.б. болгон [3.378].

КЭРдин Кашгар, Үрүмчү шаарлары жана Кызыл-Суу-Кыргыз автономиялуу облусунун ишкерлери менен соода-сатык иштерин жандандыруу максатында чакан заводдорду, цехтерди куруу үчүн тиешелүү административдик мекемелердин жетекчилери менен дипломатиялык сүйлөшүүлөр учурда улантылууда. Жыл сайын Ош шаарынын ишкерлери расмий өкүлдөрдүн курамында Кашгар шаарынын «Шин-Йифа» компаниясы тарабынан уюштурулган жарманкеге облуста өндүрүлгөн

подукцияларын алып барып катышып турушат. Жарманкелерди уюштуруп өткөрүү ага катышкан өлкөлөр, ишкерлер үчүн жаөы байланыштарды, жаөы мүмкүнчүлүктөрдү жаратып, соода-экономикалык байланыштардын эле эмес, илимий-техникалык, маданий байланыштардын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Бирок, кыргыз-кытай мамилелери ийгиликтүү жүргөндүгү менен, талаптагыдай деөгээлге көтөрүлбөй келет. Узак убакытка чейин пайдалуу соода сальдосу Кытай тарапта болуп жатат [9]. Кыргызстандын экспорту дагы эле чийки зат багытында. Соодалык товар тизмеси өтө тар бойдон калууда. Кыргызстандык адистердин ою боюнча Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыктын төмөн болушуна министрликтердин, мекеме-ишканалардын, ишкерлердин солгун мамиледе болуусу, ошондой эле укуктук базанын начардыгы болуп саналат.

Кыргыз-кытай мамилелерин чыөдоо максатында 2001-2003-жж., 2004-2014-жж. көп багытты ичине камтыган Комплекстүү иш-чаралардын планы, кызматташтык программасы [5.242] жана андан кийинки жылдардагы бир катар документтер түзүлгөн. Кытай инвесторлору Жалалабад, Баткен облустары менен да иштеше баштаган.

Кытай тараптан “Хуадали” фирмасы Ош шаарында жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн автобустар менен камсыздаса, ОсОО “Шан Чен” заводу чыгарган газ эсептегичтер, о.э. коммуналдык кызматтарга акы төлөө үчүн электрондук карточкалар алып келинген. ОсОО “Лин-Ю” Оштогу “ЖБИ-4” ишканасын ижарага алып, жоондугу 6-28 миллиметрге чейинки арматураларды чыгарган. Аны менен курулуш материалдарына болгон суроо-талапты кантааттандырууга салым кошкон. “АСКЕД” корпорациясы өзүнүн экономикалык ишмердүүлүгүн жүргүзүп, 6 ай ичинде 2 млн.265 миө доллар өлчөмүндө инвестиция тарткан. Ош насос заводунун административдик имаратын жаөылоо менен төрт жылдыздуу мейманкананы пайдаланууга берген. О.э. Кара-Суу районунун аймагында эки кыш жасоочу заводдорун курган. “Алдаяр” көмүр кениндеги изилдөө-чалгындоо иштерин жүргүзгөн [16]. Пластик материалынан эшик-терезе, жумшак эмеректерди жасап, кардарларга сунуштап жатат. Ал эми “Хуасин” компаниясы жүк ташуу кызматын сунуштайт, о.э. курулуш материалдарын өндүрүү багытында да мол тажрыйбасы бар. Кыргызстанда “Таатан” соода комплекстерин Бишкек жана Ош шаарларында түзүүгө жетишкен. Муну менен бул компаниялар жергиликтүү калк үчүн жумушчу орундарын да пайда кылган.

Учурда Ош облусунун КЭРдин Кашгар, Үрүмчү, Пекин, Кыргыз-Кызыл-Суу автономиялуу облусу менен жана ири корпорациялары менен тыгыз экономикалык байланыштары бара-бара оө натыйжаларды берүүдө. Булардын катарына Кытайдын Цзилинь провинциясын да кошууга болот. Цзилинь провинциясы Кытайдын борборуна жакын түндүк-чыгыш тарабында жайгашып, 27 млн. калкы бар [5]. Провинция дан жана буурчак өсүмдүктөрүн өстүрүүдө биринчи орунду ээлеп, өнүккөн аймактардын катарына кирет. Машина куруу, мунайхимия, вагонкуруу, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү, энергетика, металлургия, курулуш материалдары, электроника, оптика, текстиль өнөр жайы, медицина, тамак-аш өнөр жайы ж.б. тармактар боюнча кубаттуу өнөр жай негизине ээ. О.э. илим-билимдин жана маданияттын борбору да болуп саналат. 45 жогорку окуу жайлары жана көптөгөн илимий изилдөө институттары бар. Учурда провинция 150 өлкө менен соода-экономикалык байланыштарын түзгөн, алардын катарында Ош облусу да бар.

Демек, эгемендүүлүктүн шарапаты менен облуска чет өлкөлөрдүн ишкер чөйрөсүнүн кызыгуусу күчөгөндүгүн байкоого болот. Өз товарларын сатууда жаөы рынок катары пайдаланууну көздөгөн сунуштары менен көп кайрылышкан. О.э. облустун аймагындагы кен байлыктарды изилдөө менен табигый чийки заттарды иштетүүчү өндүрүш түзүү жөнүндө да сүйлөшүүлөр болгон. Ал эми жергиликтүү бийлик өкүлдөрү тарабынан өздөрүнүн укуктук абалынан пайдаланып, өз ара пайдалуу кызматташтык мамилелерин түзүүдө активдүү иш-аракеттер жүргүзүлгөн. Бирок, бардык эле кызматташтык байланыштарын ойдогудай иш жүзүнө ашыруу мүмкүнчүлүгү түрдүү себептер менен дайым эле боло берген эмес. Ошого карабастан учурда, түзүлгөн келишимдерди өз ара ыөгайлуу шарттарда жүзөгө ашыруу жолдору изделүүдө.

**Адабияттар:**


1. Бондарь, Е.А. Зоны свободного предпринимательства как проблема современных отношений (в сопоставлении Кыргызстана и России) [Текст] / Е.А. Бондарь. - Бишкек, КРСУ, 2001. -140с.
2. Койчуев, Т.К. Избранные сочинения в 3 томах.: Политика, экономика, миросвязи Кыргызстана [Текст] / Т.К. Койчуев. – Бишкек, 2007. - 221с.
3. КРнын Ош облустук администрациясынын фонду 1999-ж. [текст]: Ф. 1. иш 4195. 136-б. Постановление облгосдаминитсрации Ошской области №123 от 24.04.1999г. «Об утверждении мероприятий госадминистрации Ошской области по развитию культурных и экономических связей с приграничными районами и областями соседних республик».
4. Ош шаарынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы [Текст]: КРнын Жогорку Кеөешинин мыйзам чыгаруу жыйыны.-2003. 15-апр.
5. ОшОМА ТЭБК учурдагы архивдик фонду 2011-ж. [Текст]: ф.43. иш 432. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун тышкы экономикалык байланыштар комитетинин 2011-жылдагы аткарылган жумуштар боюнча маалымат.; Информация о Соглашениях и Меморандумах подписанных между Ошской областью со странами дальнего и ближнего зарубежья.; Информация о Соглашениях, Меморандумах и протокол-намерениях
   подписанных между Ошской области КР с регионами КНР;
6. Токтомушев, К. Внешняя политика независимого Кыргызстана [Текст] / К. Токтомушев. – Бишкек, 2001. – 190 с.
7. Чотонов, У. Кыргызстан по пути суверенитета [Текст] / У. Чотонов. – Бишкек, 2007. – 384 с.
8. Эшалиев, М.С. Дипломатический протокол Кыргызской Республики [Текст] / М.С. Эшалиев. – Бишкек: Салам, 2004. – 112 с.
9. Экономические проблемы пути развития агропромышленного комплекса и продовольственного рынка в Кыргызстане [Текст] / Центр экономического и социального реформирования при Министерстве финансов Кыргызской Республики. – Бишкек: Илим, 2002. – 13 с.
10. Экономическая ситуация и перспективы развития Ошской области [Текст] / Ош: Издательский Центр ОшГУ, 1998. – 22 с.